## Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2016-жылдын июнь айы)*

Өткөн айга салыштырмалуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктардын банктар аралык рыногунда үстөк ликвиддүүлүгүнүн орто күндүк деңгээлинин 2,2 млрд сомго чейин (+12,9 пайызга) көбөйүшү байкалган.

Ошол эле мезгилде ички банктар аралык кредит рыногунда репо шартында операциялар ишке ашырылган, ошондой эле улуттук валютада стандарттык бүтүмдөр келишилген. Мында, аталган бүтүмдөр тиешелүүлүгүнө жараша, жылдык 1,2 пайыз (-0,4 п.п.) жана жылдык 3,5 пайыз (-8,7 п.п.) орточо салмактанып алынган чен боюнча келишилген. Репо шартындагы операциялардын көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 72,9 пайызга, 135,1 млн сомго чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рыноктогу улуттук валютада орун алган стандарттык бүтүмдөр 70,6 пайызга, 50,0 млн сомго чейин төмөндөгөн.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто чет өлкө валютасындагы стандарттык бүтүмдөр келишилген эмес.

Ошондой эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын "овернайт" кредиттерине карата суроо-талап болгон эмес. Мында, Улуттук банк коммерциялык банктардын 177,7 млрд сом суммасындагы (+19,0 пайыз) каражаттарын "овернайт" шартында депозиттерге жайгаштырууну уланткан.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде кредиторлордун концентрациялануу индексинин 0,13; 0,28 чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индексинин 0,07; 0,47 чейин төмөндөшү байкалган. Мындай индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто төрт негизги кредитордун жана эки карыз алуучунун катышкандыгына дал келет.

**2-график. банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү сом эквивалентинде 1,4 млрд түзгөн (+4,9 эсе) . Банктар-резидент эместер менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 6,8 пайызды түзгөн.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 06 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 100,0 | 1,0 | 12,0 | | | | | | | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 798,2 | 6,0 | 11,2 | | | 490,0 | 11,0 | 240,0 | 11,0 | | | 68,2 | 14,0 | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 340,1 | 3 | 14,2 | | | 40,1 | 10,5 | | | 300,0 | 14,7 | | | | | | | | | | |
| | 02 | 390,0 | 2 | 12,7 | | | 290,0 | 13,0 | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | | | |
| | 03 | 190,0 | 2 | 12,8 | | | | | | | | | | | 100,0 | 10,0 | 90,0 | 16,0 | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 170,0 | 2 | 12,2 | | | | | | | | | | | | | | | 170,0 | 12,2 | | |
| | 06 | 50,0 | 1 | 3,5 | | | | | | | 50 | 3,5 | | | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 06 | 2106,0 | 43 | 8,8 | 208,4 | 8,1 | 1523,8 | 8,7 | 373,8 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | 3924,3 | 84 | 8,3 | 1347,5 | 8,4 | 1965,5 | 8,2 | 590,6 | 8,2 | 20,7 | 9,0 | | | | | | | | | | |
| | 08 | 2057,8 | 38 | 6,7 | 578,5 | 6,3 | 1029,4 | 6,6 | 449,9 | 7,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 807,3 | 24 | 6,5 | 530,6 | 6,1 | 276,8 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 521,3 | 23 | 8,9 | 140,5 | 8,2 | 254,5 | 8,7 | 126,3 | 10,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 533,8 | 11 | 8,5 | 109,2 | 8,6 | 424,6 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 611,9 | 11 | 11,0 | 206,0 | 8,2 | 151,5 | 9,9 | 155,2 | 14,4 | 99,4 | 13,0 | | | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 1010,7 | 34 | 10,0 | 341,4 | 9,7 | 591,1 | 10,0 | 78,2 | 11,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 870,9 | 23 | 11,3 | 77,0 | 8,6 | 646,8 | 11,5 | 147,1 | 11,7 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 467,2 | 11 | 7,1 | 104,0 | 7,3 | 169,4 | 4,7 | 193,8 | 9,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 475,2 | 8 | 2,1 | 5,9 | 2,0 | 64,8 | 1,5 | 307,4 | 2,4 | 97,0 | 1,5 | | | | | | | | | | |
| | 05 | 498,5 | 9 | 1,5 | 16,2 | 2,0 | 120,3 | 1,5 | 362,0 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 135,1 | 3 | 1,1 | | | 69,5 | 1,3 | 65,6 | 1,0 | | | | | | | | | | | | |